| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br><br>**АЛАЙ РАЙОНУ**<br>**ЖИБЕК-ЖОЛУ АЙЫЛДЫК**<br>**КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br><br>**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**<br>**ЖИБЕК-ЖОЛУНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ**<br>**КЕНЕШ** |

***Жибек-Жолу айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезексиз VI отуруму***

# ТОКТОМ
## № 39

2024-жылдын 10-июлу — Согонду айылы

**Согонду айылынын Ак-Ой участкасына суу кампасын куруу үчүн жер тилкесин бөлүп берүү жөнүндө**

Жибек-Жолу айыл өкмөтүнүн жер ресурстары, агрардык айыл-чарба жана өсүмдүк өстүрүү-көрктөндүрүү боюнча башкы адиси Д. Түгөлбаевдин билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Жибек-Жолу айылдык кеңешинин VI отуруму **токтом кылат:**

1. Жибек-Жолу айыл өкмөтүнүн Согонду айылына скважина аркылуу таза суу тартуу үчүн суу кампасын курууга Ак-Ой участкасынан айыл тургундары Шакир уулу Дастандын жана Казаков Мендибайдын үйлөрүнүн жогорку тарабынан 400,0 (төрт жүз) чарчы метр жер аянты чектелип берилсин;

2. Токтомдун негизинде жер участкасын аныктап, тактап тиешелүү юридикалык иш кагаздарын даярдап берүү жагы Алай райондук архитектура жана шаар курулуш башкармалыгынан жана Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агентигинин Алай филиалынан суралсын;

3. Аталган токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Жибек-Жолу айыл өкмөтүнүн башчысы Т. Р. Камиловго сунушталсын, көзөмөлдөө жагы мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссияга тапшырылсын.

**Төрага** — **Т. Орозали уулу**